**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча алдын ала коргоо жыйынынын №35.1**

**ПРОТОКОЛУ**

**6-декабрь 2024-жыл Бишкек шаары**

**Катышкандар:**

1. Дюшеева Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
2. Панкова Т.В. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
3. Абдыкапарова А.О. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.01; 13.00.02
4. Ажибаева А.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
5. Акиева Г.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
6. Алимбеков А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
7. Асипова Н.А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
8. Джанузаков К.Ч. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.04
9. Зулуев Б.Б. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
10. Иманалиев Т.Т. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.04
11. Калдыбаева А.Т. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
12. Мамытов А.М. пед. илимдеринин доктору 13.00.04

13. Сартбекова Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01

**Кошумча чакырылган адистер:**

Койлубаева Н.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Жолдошева Б.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Абдуллаев Д.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер, Аманова Г.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер, Алтыбаева М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,

**Диссертациялык кеңештин төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

ЖАКтын төрайымсынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 9 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты**

**окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо.**

**Диссертациялык иш** Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи: Алтыбаева Мейликан** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин математиканы, информатиканы окутуу технологиясы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын доценти.

**Төрага:** Диссертациянын негизги мазмунун, жоболорун баяндап берүү үчүн сөз изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековнага берилет (Докладдын тексти тиркелет).

**Төрага:** Доклад бүттү. Суроолоруңуздарды бериңиздер. Алдын ала диссертациялык кеңештин мүчөлөрү берсин, андан кийин калган чакырылган адистер берсе болот. Сөз профессор Абакир Мамытовичке берилет.

**Мамытов А.М. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** 1-суроо. Магистерлик программанын багыттары кайсылар?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга! Магистерлик программанын багыттары: математикалык, педагогикалык, табигый, тарыхый, филологиялык, психологиялык деп бөлүнөт.

2-суроо. Магистерлик программаны бүткөн адис кайсы жерде ким болуп иштей алат?

**Изденүүчү:** Магистерлик программаны бүткөн адис ортоо мекетепте, мектепке чейинки мекемеде, жогорку окуу жайында мугалим болуп иштей алат.

3-суроо. Диссертациядагы ФМББ магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо маселесине анын максатын, жетекчиликке алуучу нормативдик базаны, коюлган талаптарды, баалоонун

түрлөрүн, критерийлерин, баалоо каражаттарын иштеп чыгуудагы принциптерди жана натыйжасын камтыган структуралык-функционалдык моделин ичине Сиз компетенциялык иштердин түрлөрүн атап кетиптирсиз: педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк, башаруучулук, долбоолдук, методикалык. Ал эми физикалык кирбей калган. Эмнеге мындай болуп калды? Сиздин изилдөөңүз Физика-математикалык магистрдик билим берүү программаларынын компетенттүүлүк мамиледе окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо деп жатпайбы.

**Изденүүчү:** Багыт физика-математикалык магистрдик билим берүү программалары деп аталат, ошонун ичинен биз математикалык магистрдик билим берүү программаларынын компетенттүүлүк мамиледе окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо проблемасын изилдеп чыктык.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Изилдөөнүн корутунду бөлүгүндө компетенттүүлүк мамиледе окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун тарыхый педагогикалык, илимий-теориялык, методикалык жана практикалык негиздерин аныктап физика-математикалык магистрдик билим берүү программаларынын тармагындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасын эске алуу менен үйрөнүүчүлөрдүн окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоону камсыз кылган методдорду иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Бул эмне деген методдор? Же методикабы?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга! Методика, техникалык ката кетиптир. Биз ишмердүүлүктүн негизи дегенде субъектке карата ишмердүүлүктөгү, б.а. окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоодо субъектин көзкараштарынан долбоорлоо керек деген идеяга таяндык. Магистр эмнени жасай алат дегендей.

**Джанузаков К.Ч.** Макул, буга көңүл буруп коюнуз. Аныктоочу этапта ЖОЖдордун иш практикасында НББПлардын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо багытындагы типтүү кемчиликтер айкындалды. Кайсы типтүү кемчиликтер айкындалды?

**Изденүүчү:** Типтүү кемчиликтер окутуу натыйжаларын долбоорлоону тариздеп жазуу, магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоодо жана баалоодо нормативдик документтердин жоктугу, мамлекеттик билим берүү стандарттарында окутуу натыйжаларынын жолдорунун көрсөтүлбөгөндүгү.

**Джанузаков К.Ч.** Корутундуда ушул кемчиликтерди атап өтүңүз. Сиз дароо эле моделге өтүп кетиптирсиз.

**Төрага:** Сөз профессор Айчүрөк Токтополотовнага берилет.

**Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо боюнча биринчи илимий эмгек болуп жаткандыктанчаташтыктаб көп болуп жатат. компетенттүүлүк мамилеге негизделген Изилдөөнүн темасы: «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо. Изилдөөнүн максаты: ”«Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү”деп турат. Демек, тема менен максаттын ортосунда шайкештик жок болуп турат.

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга! Макул, эске алабыз.

*Экинчи суроо.* магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоону эксперимент аркылуу 3 жогоркуокуу жайда өткөрүлгөн экен. Ар бир таблицада ар түрдүү маалыматтар берилген. Сиз

экспериментке 224 магистрант катышты деп жазып жатасыз. Ал эми 112, 304 деген цифралар эмнени билдирет? Кайдан келип чыкты? Жылдары да туура келбейт.

**Изденүүчү:** Эске алып, оңдоп чыгам.

**Төрага:** Сөз доцент Саадат Эсенбаевнага берилет.

**Иманкулова С.Э. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Сиздин теманын актуалдуулугу эмнеде?

**Изденүүчү:** Биздин теманын актуалдуулугу жогорку билим берүүдөгү окутуу натыйжаларга багытталган өзгөрүүлөр, магистрдик ББПнын окутуу натыйжаларын долбоорлоого жана баалоого карата коюлуп жаткан талаптарды ишке ашырууга ылайык илимий-методикалык камсыздоонун жетишсиздиги,

– магистратурада магистранттардын окутуу натыйжаларын комплекстүү баалоону уюштуруу зарылдыгы бар болсо да реалдуу педагогикалык практикада салттуу баалоо системаларынын басымдуулугунда турат. Бүтүрүүчүлөргө 24 компетенттүүлүк каралган, бирок ошолорду калыптандыруу кыйынчылыктарды туудурат. окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо иштелип чыккан эмес.

2. Сиз жогоруда 24 компетенттүүлүк каралган деп айттыңыз, бирок алар тууралуу маалымат көрүнбөйт.

**Изденүүчү:** Окутуунун шайкештиги калыптанганда компетенттүүлүктүн шайкештиги келип чыгат.

**3.** Сиз иштеп чыккан моделде максат менен натыйжа туура эмес жазылган магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо максат, ал эми натыйжа магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоонун негизинде компетенттүү адисти даярдоо десеңиз туура болмок.

**Изденүүчү:** Ойлонуп, оңдоп чыгайын.

**Төрага:** Сөз профессор Токтобек Тыбыновичке берилет.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Эксперименттин экинчи калыптандыруучу этабында эмнени калыптандырдыңыз?

**Изденүүчү:** Биз билим берүү программаларынын негизинде матрицанын жардамы менен программанын айкалышын ишке ашырдык, компетенттүүлүктүн шайкештигин карадык.

**Төрага:** Сөз профессор Нуржан Кодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Жарыяланган эмгектердин арасында эксперименталдык иш боюнча макала жок экен.

**Изденүүчү:** Эксперименталдык иш боюнча макала И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысына берилгенболчу, бирок кеч чыккандыгына байланыштуу кирбей калды.

**Төрага:** Сөз илимий жетекчи, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Мейликан Алтыбаевага берилет.

**Алтыбаева М.А.** (Илимий жетекчинин пикири тиркелет).

**Төрага:** Эми эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берейли. Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Нурбүбү Асаналиевнага берилет.

**Асипова Н.А.** Мен бул жумуш боюнча эксперт болдум. Автореферат менен көп иштедим, резюмесине чейин оңдоого туура келди. Илимий аппараты да оңдолду, ошондуктан жактоого сунуштадым. Компетенттүлүк өзү натыйжа болуп эсептелинет Доклад начар болгону менен берилген суроолорго жооп берип жатат. Демек материалын билет. Бир эле темада 3-4 проблема камтылган. Долбоорлоо менен эле чектелсе болмок. Колдоп койсо болот.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматали Алимбековичке берилет.

**Алимбеков А.:** Мен бул диссертацияны кызыгуу менен окуп чыктым, себеби диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Теориялык жактан да практикалык өңүттөн да алганда маанилүү жумуш, ошондуктан көп суроолор пайда болду. Биринчи варинтын оңдоого туура келди. Себеби диссертацияынын мазмунунда чоң каталар, орунсуз материалдар көп болгон, мен аларды оңдоп бердим. Адегенде көптөгөн кемчиликтерди көрсөтүп жарабайт деп жыйынтык бергенмин. Изденүүчү кетирген кемчиликтер менен иштеди. Методологиялык деген тирминди методикалык деп берген. Бул абдан чон ката болуп эсептелинет. Бизде программаларды даярдоо боюнча адистер жок, дүйнөлүк практикада бир нече мамлекеттерде бул иш колго алынган. Долборлоо иштерин колго алуу керек. Аккредитациялоонун материалдары кирип кеткен. Аны киргизүүнүн кереги жок, бул башка жумуш. Экспериментке катышкан адамдардын санын так көрсөтүү керек деп айттым эле, аны эске алынбаптыр. Ар турдүү жылда ар турдүү сандарды оңдоо керек. Корутунду бөлүгүн кайра карап чыгуу керек, отчет формасында жазылып калыптыр. Көпчүлүгү оңдолгон. Мен бул жумушту колдойм

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Төрөгелдиева Коңуржан Макишевнага берилмек. Эксперттин пикирин окумуштуу катчы окуп койсун.

**Окумуштуу катчы**. эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Төрөгелдиева Коңуржан Макишевна пикиринде изденүүчүгө 7 сын айтып, аларды оңдогон, жактоого болот деген оң пикирин берген.

**Төрага:** Эми кийинки процедурага өтөбүз. Талкулоону баштайбыз. профессор Абакир Мамытович, Сөз Сизге берилет.

**Мамытов А.М.** Менин пикирим эсперттик комиссиянын мүчөлөрү менен авторефераттын негизинде түзүлдү. .Жумуштун натыйжасы моделде көрсөтүлүш керек.. Долборлоодо илим Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо («физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын мисалында) деп көрсөтүлүп жатат. Ал эми моделде окутуу натыйжалары тууралуу сөз жок. Чечмеленбеген сөздөр абдан көп. Баалоонун компоненттерин ачып көрсөтүү керек. Баалоонунинструменти жок болупжатат. Маалымат керек.

Экинчи каалоом. Техникалык тактоо керек. Изилдөөнүн объекти: педагогикалык багыттагы жалпы кесиптик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо процесси. Изилдөөнүн предмети: “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо процесси. Экөө бирдей болуп калган. Менимче профилди көрсөтүү керек. Корутундуга келгенде ыңгайсыз сөздөр кездешет, кыскартууларды жок кылыңыз. Жалпысынан корутунду аннотация болуп калган. Үчүнчү корутундуда жыйынтык жок. Тексте предмет деген термин орун алган. Сиздин изилдөө жогорку окуу жайын камтыган соң, дисциплина деп жазыңыз.

**Төрага:** Сөз профессор Айчүрөк Токтополотовна, Сизге берилет.

**Калдыбаева А.Т.** Бул иштин актуалдуулугу– биринчи жазылган эмгек болуп жатат. Дисертациянын баалуулугун көрсөтүү керек. Каталар абдан эле көп. Мисалы: ун деген сөз беш жерде жазылган. Бул бир жерден эле келип чапталып калыптыр. Таблицалардагы ар түрдүү цифраларды оңдоп чыгуу крек.. Практикалык сунушта акыркы эле бир сүйлөмдү калтырыңыз. Сунуштайм.

**Төрага:** Сөз профессор Акиева Гулдана Салмоорбековнага берилет.

**Акиева Г.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** В резюме на русском языке также много ошибок.

**Төрага:** Сиз жоопкерчиликти өзүңүзгө адыңыз. Научная зрелость болуш керек да. Защитага жакшылап даярданбасыңыз мындай болбойт. Дагы сүйлөй тургандар барбы? Эгерде жок болсо, анда диссертация боюнча корутунду кабыл алабыз.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы диссертациясына карата**

**КОРУТУНДУСУ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыттарынын алдыңкы сабында максат менен натыйжанын дал келишине өзгөчө көңүл буруу белгиленген. Анда «билим берүү системасынын бардык баскычында бүтүрүүчүлөрдүн моделинин так көрсөтүлүшү, удаалаштык жана уламалуулук принциптерин камсыз кылат. Билим берүүнүн Мамлекеттик жана предметтик стандарттарындагы окутуунун натыйжасына жетүү ар бир педагогдун башкы милдети болуп, алардын билим

берүүнүн мазмунуна гана эмес, билим берүүнүн натыйжасына дагы басым жасашы маанилүү» деп белгиленген.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдөгү ОНдор проблемасын изилдөөнүн кеңири чөйрөсүнө карабастан, магистрдик программалардын, анын ичинде ФМББ багыты боюнча окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо маселелери атайын изилдөөгө алынбагандыгын көрүүгө болот.

Азыркы учурда билим берүү процессинде болуп жаткан инновациялык өзгөрүүлөргө ылайык магистрдик билим берүү программаларынын (ББП) окутуу натыйжаларын окутуу натыйжаларын долбоорлоону жана баалоону изилдөө актуалдуу бойдон калууда.

Жогорку билим берүүдөгү окутуу натыйжаларга багытталган өзгөрүүлөр менен ал өзгөрүүлөргө адекваттуу магистрдик ББПлардын окутуу натыйжаларын долбоорлоого жана баалоого карата коюлуп жаткан талаптар менен аны ишке ашырууга ылайык илимий-методикалык камсыздоонун жетишсиздигини, магистратурада магистранттардын окутуу натыйжаларын комплекстүү баалоону уюштуруу зарылдыгы менен реалдуу педагогикалык практикада салттуу баалоо системаларынын (магистранттардын кесиптик компетенцияларын баалоого мүмкүндүк бербей турган, баалоо процессине иш берүүчүлөрдү тартпай турган басымдуулугу бул иштин актуалдуулугун далилдеп турат.

**2. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** компетенттүүлүк мамилеге негизделген «ФМББ» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн объекти:** педагогикалык багыттагы жалпы кесиптик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** “Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо процесси.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Компетенттүүлүк мамилени ишке ашырууда ББПнын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун илимий-теориялык негиздерин жана практикадагы абалын аныктоо.

2. «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун учурдагы абалын изилдөө методдорун аныктоо.

3. «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**4. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Компетенттүүлүк мамилеге негизделген ББПнын окутуу натыйжаларын долбоорлоо, баалоо боюнча теориялык көз караштар, түптүү түшүнүктөр, компетенттүүлүк мамиленин маңызы, магистрдик деңгээлдин мүнөздөмөлөрү, физика-математикалык билим берүүдөгү тенденциялар ачылып көрсөтүлдү; ФМББ магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун практикадагы абалы аныкталды; ФМББ магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун модели компетенттүүлүк мамилеге негизделип, физика-математикалык билим берүүдөгү магистрдик программаларга коюлган талаптардын негизинде иштелип чыкты; моделдин натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар берилди.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** ФМББ магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо багытындагы теориялык жактан негизделип, ушул багыт боюнча профессордук-окутуучулук курамдын өз дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерин (жумушчу программа, силлабус, баалоо каражаттарынын фонду, окуу-методикалык материалдар) мыкты иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. Практика жүзүндө сыноодон өткөрүлгөн илимий-методикалык материалдар, методикалык сунуштар башка багыттар боюнча да негизги билим берүү программаларын (НББП) иштеп чыгууда, окутуу процессинде жана изденүүчүлөрдүн илимий иштеринде колдонууга болот.

**6. Изденүүчүнүн жекече салымы.** Изденүүчү тарабынан компетенттүүлүк мамиледе магистрдик ББПнын окутуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун абалын чагылдырган адабияттарга жүргүзүлгөн анализ жана жалпылоо коюлган проблеманын изилдениш деңгээлин, чечүү жолдорун аныктоого мүмкүндүк берди; ФМББ магистрдик программасынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо багытында аныктоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу эксперименттердин фактылык материалдары топтолуп жана алардын негизинде иштелип чыккан практикалык сунуштар, коргоого сунушталган жоболор даярдалган.

**7. Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, 7 параграфтан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен (174) жана тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү – 168 бет.

**8. Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору КР Президентине караштуу УАК талап кылган жалпы 15 макалада чагылдырылган. Изилдөөнүн багыты боюнча 5 макала чет элдик басылмаларда (анын ичинен 1 макала Scopus

системасына индекстелген басылмада), 10 макала жергиликтүү басылмаларда жарыяланган.

**1.** Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар – компетенттүүлүктү калыптандыруунун каражаты катары [Текст] // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2018. – №10 – 58-61-бб.

**2.** Магистрдик билим берүү программаларында ОНларын долбоорлоо жана окутуу технологияларын тандоо маселелери // Наука и новые технологии, инновации Кыргызстана. – 2019. – №6. – 176-180-бб.

**3.** Математиканы окутууда негизги жана предметтик компетентүүлүктөрдү калыптандыруу // ОшМУнун Жарчысы. – 2021. – Т. 2. – №4. – 41-48-бб. Разработка оценочных средств образовательных программ // Научное обозрение. Педагогические науки. – 2022. – №5. – С. 15-19.

**4.** Кейс-метод – окутуу натыйжаларына жеткирүүчү эффективдүү технология // Наука. Образование. Техника. – 2022. – №2 (74). – 141-147-бб. Formation of Competencies for the Sustainable Development of Future Teachers of Mathematics [Текст] / // In: Popkova, E.G., Sergi, B.S. (eds) Current Problems of the Global Environmental Economy Under the Conditions of Climate Change and the Perspectives of Sustainable Development. Advances in Global Change Research, vol 73. Springer, Cham. (2023). pp 397-403.

**5.** Билим берүү программаларын долбоорлоонун жана жүзөгө ашыруунун өз ара байланышы // Alatoo Academic Studies. – 2023. – №2. – 46-57-бб.

**6.** Development of result-oriented assessment tools in physical and mathematical education // Материалы VII Всемирного Конгресса математиков тюркского мира. – Туркестан, Казахстан. – 2023. – С. 93-103.

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын

окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Педагогика илимдери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидиттык) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Сооронбаева Каухар Акылбековнанын «Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын Жобосунун 10 пунктуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.

3. **Жетектөөчү мекеме катарында** Талас мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы бекитилсин;

– **биринчи официалдуу оппонент** катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Н.А.;

– **экинчи официалдуу оппонент** катары педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Бейшеналиева У. Ү. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүңүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» – жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялайм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор:** **Дюшеева Н.К.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** **Абдыкапарова А.О.**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Сооронбаева Каухар Акылбековнанын** диссертациясын алдын-ала коргоо боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 6-декабрындагы (№35.1 токтому) диссертациялык кеңештин жыйынына

**КЕЛҮҮ БАРАГЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Назира Кубанычбековна (төрайым) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 2. | Панкова Татьяна Витальевна (төрайымдын орун басары) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 3. | Абдыкапарова Айгуль Осмонкуловна (окумуштуу катчы) | п.и.к., 13.00.01 | |
| 4. | Ажибаева Айнура Жакшымбековна | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 5. | Акиева Гульдана Салмоорбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 6. | Алимбеков Акматали | п.и.д., 13.00.01 | |
| 7. | Андрущишин Иосиф Францевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 8. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 9. | Джанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., 13.00.04 | |
| 10. | Зулуев Бекмырза Бекболотович | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 11. | Иманалиев Токтобек Тыбынович | п.и.к., 13.00.04 | |
| 12. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 13. | Макагонов Александр Николаевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 14. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., 13.00.04 | |
| 15. | Сартбекова Нуржан Коодоевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| | **Кошумча чакырылган адистер** | | |
| | Абдылдаев Дамир Азизович | п.и.к. 13.00.01 | |
| | Алданова Гулнур Мондалиевна | п.и.к. 13.00.02 | |
| | Иманкулова Саадат Жекбаевна | п.и.к. 13.00.01 | |
| | Шамшиева Бирну Апытиевна | п.и.к. 13.00.01. | |
| | Алтыбаева Мейликан | п.и.к. 13.00.01 | |
| | | | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

*Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктайм: диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к., доц.* *Абдыкапарова А.О.*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
...ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ